Абдылдаев К.К.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# «МАНАС» ЭПОСУ – МАМЛЕКЕТТИК ИДЕОЛОГИЯНЫН ӨЗӨГҮ

СССРдин ыдырашы саясый-экономикалык, коомдук көптөгөн кубулуштардын кыйрашына алып келди. Рынок экономикасына өтүүдө коммунисттик идеологиянын алгылыктуу учурларын пайдалана туруунун ордуна анын бүткүл тамырларын суурушуп, идеологиядан жайдак калышты. Мындай шарттарда дин идеологиялык боштуктарды биринин артынан бирин ээлей баштады. Бирок диний идеология мамлекеттеги туруктуу идеялардын материалдашына алы-күчү жетпегендигин турмуш нечен курдай далилдеп келет. «Жаңы үйүңдү куруп бүтпөй, эски үйүңдү бузбагын. Эски үйдөн ажырадык, жаңы үйгө али кире элекпиз. Ошондуктан элибизге, мамлекетибизге ылайыктуу жаңы идеология зарыл. Ансыз коомдук турмушта башаламандык келип чыгат. Кыргыз элинде, анын мамлекет-түүлүгүндө идеологияга жарай турган азык барбы? Бар! Ал - «Манас». «Манас» жаралганда эле коомдук зарылчылыкты эске алган. Ошондон бери ал өзүнүн актуалдуулугун эч качан жоготкон жок. Азыркы күндө расмий түрдө идеологиянын өзөгүн түзөт деп жарыяланбаса дагы, «Манас» андай милдетти аткарып келет. Муну далилдөөнүн деле анча кыйынчылыгы жок. Ошентсе да «Манасты» мамлекеттүүлүк, идеология маселелери менен бирдикте кароого аракеттенип көрөлү.

Замандардан заман карытып келе жаткан улуу Манас баяны манасчылардын эмгеги менен элибизде миңдеген жылдардан бери сакталып келет. «Манас» эпосунда баяндалган «Бири тентип Каңгайга, Бири каңгып Алтайга, Бири кетип Эренге, Бири түшүп кетти тереңге» деген саптары, асманда жылдыздардай дүйнөнүн чар тарабына чакмактай чачыраган кыргыз элинин татаал тарыхынан кабар берет. Ал эми «Чачылганын жыйнаган, үзүлгөнүн улаган, кулаалы таптап куш кылган, курама жыйып журт кылган» Манас баатырдын бир кезде элдин башын бириктириши эпосто кеңири чагылдырылып, эгемендүүлүк, мамлекеттүүлүк идеясын козгоп, калкыбыздын касиетин сактап келет. Тээ байыртан эле «Манас» эпосунун туруктуу негизги саптарына айланган:

«Бөлүнбө, кыргыз, бөлүнбө,
Бөлүнсөң бөрү жеп кетет,
Бөлүнүп кетти кыргыз деп,
Бөтөн элге кеп кетет»;
«Тирүү болсок, бир дөбөдө бололу,
Ажал жетсе, бир чуңкурга тололу»

сыяктуу саптар уруу, урууга бөлүнүп, ар кайсы кандыктардын бийлигине көз каранды болгон кыргыз элинин миңдеген жылдардан бери зарлап, эркин мамлекет түзүү тилегин ар бир кыргыздын жандүйнөсүнө сиңирип келген. Элибиздин эсинен чыкпаган кытай, монгол, калмак чапкыны, Кокон хандыгынын эзүүсү, Орус падышачылыгынын 1916-жылы эркиндик үчүн күрөшкөн элибизди кызыл кыргынга учуратышы миңдеген адамдардын өмүрүн алса дагы, кыргыз элинин ички дүйнөсүндө сактаган айкөл Манас баянын, анын элдин башын бириктирип, эгемендүү мамлекет курууга үндөгөн үгүтүн жогото алган жок.

Тээ байыркы мезгилде эң алгач «Манас» баянын баштап айткан Ырамандын

Ырчы уулу баш болгон ондогон манасчылардын аты-жөнү санжырага айланып, кийинки Сагынбай, Саякбай, Мамбет, Жусуп Мамай сыяктуу манасчыларыбыздын варианттары китепке айланып, элибиздин эсинен чыкпай, алар айтып кеткен ыйык «Манас» эпосу тоолордон аккан булактардан куралган дайрадай болуп улам толукталып, кыргыз элинин эгемендүүлүктү сактоо ой тилегин чагылдырып келет. «Манастын» мазмунунан айкөлдүк, намыскөйлүк, мекенчилдик, достукка бекемдик, адептүүлүк сыяктуу адамдык сапаттарды кызыктуу эпизоддор аркылуу түшүнүп алууга болот. Жогорудагы сапаттар коомубузда азыр да маанилүү болуу менен, мамлекетибиздин өзөгүн чыңдоо үчүн өзгөчө керек.

Мамлекет куруунун башаты кыргыз элинде Манас батыр түптөгөн каганат же кандыктан башталат. Көчмөн цивилизациянын рухий туу чокусуна жеткен кыргыз мамлекети 9-10-кылымдарда талкаланса дагы ондогон кылымдар бою элдин эсинде «Манас» баяны аркылуу сакталып калган. Азыркы мезгилде деле Япония императорун, Улуу Британия ханышасын символдуу түрдө сактап келет. Ал эми ата-бабалардын миңдеген жылдардан берки эмгеги, аракеттери кан-жаны жана аруу тилеги ишке ашып, алар мурас кылып калтырган Ала-Тоолуу аймагыбызда жайгашкан Кыргыз Республикасынын желеги желбиреп, «Манас» эпосунун жандүйнөбүздө сакталып турушу баарыбыз үчүн өтө маанилүү. Республикабыздын Президенти Алмазбек Атамбаевдин үстүбүздөгү жылды «Мамлекетүүлүктү бекемдөө -жылы», - деп жарыялашы коомубуз үчүн эң пайдалуу идея болуп калды. Мамлекетибиз жакшы өнүгүшү үчүн ар бир атуул мекенчил, улутман, эмгекчил жана намыскөй болушу зарыл. Баарысынан да, мекенчил, айкөл сапаттарга ээ болушу үчүн келечектеги муундун сыймыктанаар рухий тиреги болушу керек. Элибиздин жандүйнөсүндө сыймыктанаар жана сыйынаар тиреги - Жараткандан кийин эле Манас баатырдын осуяттары. Нечен кыйын замандардын сыноосунан өтүп, көптөгөн тарыхый окуяларды өз боюна сиңирген «Манас» эпосу улуттук идеологиянын өзөгү болот. Ал эми учурда «күн тийген жердин күкүгүнө» айланып, өлкөбүздү «көзкамандардын» көз карашы менен бүлдүрүүгө аракет кылгандардын бузук максаттарына бөгөт коюуга, акылман Бакай, Кошой сыяктуу аксакалдарыбыз, Каныкей, Аруукe, Айчүрөк сыяктуу асылзаттарыбыз, Манас баатыр баштаган кырк чоро сыяктуу эр-азаматтарыбыз «бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып», өлкөбүздүн келечеги үчүн биргелешип эмгектениши керек деген ойдомун.

Өз кезегинде улуу окумуштуулар Ч Валиханов, В Радлов, Д.Алмашилер дүйнө элине «Манас» эпосу тууралуу маалымат беришкен. Чындыгында, «Махабхаратадан» эки жарым, «Шах-Намеден» беш, «Илиада» менен «Одиссеядан» жыйырма эсеге көлөмдүү, залкар манасчы Саякбай Каралаевдин гана варианты 500553 ыр сабынан турган «Манас» эпосу - элибиздин тарыхый энциклопедиясы жана сыймыгы. Ошондуктан залкар жазуучу Чыңгыз Айтматов «Манас» эпосу – кыргыз рухунун туу чокусу», - деп айтып, эпостун жалпы адамзат үчүн достук, айкөлдүк, баатырлык, акылмандыкты өнүктүрүүдө өзгөчө мааниси бар экендигин баса белгиленген.

«Манас» эпосу - кыргыз элинин эгемендүүлүгүнүн символу.